

Кыргызстан Мусулмандарынын Курултайы
Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңеши
Вакыф Фонду
Борбордук Текшерүү Комиссиясы
Уламалар Кеңеши
Азирети Муфтий
Ажылык-Умра Комитети
МУФТИЯТ (Азирети Муфтийдин аппараты, казыяттар жана диний окуу жайлар)

**долбоор**

Кыргызстан мусулмандарынын 2012 жылдын
15 декабрындагы IV Курултайында бекитилди
___________________________Азирети Муфтий
“_______”___________________2012 жыл.

# КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН ДИНИЙ БАШКАРМАСЫНЫН

# У С Т А В Ы

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Кыргызстан мусулмандар диний башкармасы (мындан ары кыскартылып КМДБ) Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык эмес, ыктыярдуулуктун, өз алдынча башкаруунун, мыйзамдуулуктун, маалымдуулуктун, ачыктыктын негизинде түзүлгөн жана иштеген диний уюм.

**1.2.** КМДБ өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Башмыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар" тууралуу мыйзамына, жарандык кодексине жана башка укук ченемдүү актыларга, ошондой эле ушул Уставга ылайык жүргүзөт.

**1.3.** КМДБ нын толук расмий түрдө аталышы:

- кыргыз тилинде - "Кыргызстан мусулмандар диний башкармасы"

- араб тилинде – "الإدارة الدينية لمسلمي قرغيزستان"

- орус тилинде – "Духовное управление мусульман Кыргызстана"

- англис тилинде – "Religious Administration of Muslims of Kyrgyzstan"

**1.4.** КМДБнын КР жана башка өлкөлөрдүн мамлекеттик же башка юридикалык жактардын символикасы менен, ошондой эле КМДБнын мурда катталган символикасы менен дал келбеген өзүнүн символу катары желеги, эмблемасы жана башка символикаларына ээ.

**1.5.** КМДБ мамлекеттик каттоодон өткөндөн тартып юридикалык жактын укуктарын алат, өзүнө тиешелүү түзүмдөрүнө, ал түзүмдүрүнүн ар бириси өз алдынча мүлккө, валюталык эсептик счетторуна, мөөрүнө ээ.

**1.6.** КМДБнын уюштуруучусу: Кыргызстан мусулмандарынын Курултайы.

**1.7.** КМДБнын ишмердүүлүк мөөнөтү чектелбейт.

**1.8.** КМДБнын курамына кирет:

- Уламалар Кеңеши жана аларга башийген Азирети Муфтий муфтияты менен, Ажылык-Умра Комитети;

- Вакыф Фонду;

- Борбордук Текшерүү Комиссиясы;

- Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңеши.

**1.9.** КМДБнын жайгашкан дареги: Бишкек шаары, Гоголь көчөсү, 57;
- телефон: 996(312)486322;
- тел/факс:486562, 486497

## 2. КМДБнын негизги максаттары жана ишмердүүлүк негизи

**2.1.** Ислам шариятынын көрсөтмөлөрүн аткаруу жана Кыргыз Республиканын мусулмандарынын биримдигин сактоо, КМДБнын негизги максаты болуп саналат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык КМДБ, мамлекеттик бийлик органдарынын ички иштерине кийлигишпейт жана саясий маселелерди ал мамлекеттик органдар менен же аларга каршы чечүүгө катышпайт. КМДБ, Кыргызстан мусулмандарынын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылат, анын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүн чыңдоого, коомдогу ынтымакты жана биримдикти сактоого максаттуу түрдө багытталат.

**2.2.** КМДБ өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Башмыйзамынын жана дин тууралуу мыйзамдарынын чегинде, Ислам дининин төмөнкү негиздерине таянат:

- Курани Карим;

- Азирети Мухаммед Пайгамбардын (с.а.с.) Сүннөтү жана сахих хадистери;

- аль-Ижмаа

- аль-Кыяас

- аль-Урф

- Ахлю аль-Сунна уа аль-Жамаа дин ишеними

- Ханафий мазхабы.

**2.3.** КМДБ өз ишмердүүлүгүн аймактык негизде жүргүзөт, мусулмандар жамаатарын жана уюмдарын областык, Бишкек жана Ош шаарлар деңгээлинде Казылар жетектейт, райондук жана шаардык деңгээлде Башкы Имам-Хатибдер жетектейт, айылдык жана жума намаз окулган жана окулбаган мечиттер деңгээлинде Имам-Хатибдер жана Имамдар жетектейт.

**2.4.** КМДБнын Курултайлар арасында Уламалар Кеңеши, Вакыф Фонду, Борбордук Текшерүү Комиссиясы, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинин мүчөсү (лөрү) кандайдыр себептер менен мүчөлүктөн чыккан болсо, ал мүчөнүн (лөрдүн) орду кезектеги же кезексиз Курултайда

толукталат, ага чейин КМДБнын түзүмүндөгү кайсыл гана жыйын болбосун, бардыгында мүчөлөрдүн жалпы санынан үчтөн экиси катышуусунун натыйжасында чыккан чечимдер, мыйзамдуу деп кабылданат.

**2.5.** КМДБнын бардык түзүмдөрүнө түшкөн зекеттин, кайыр-садаганын, битир-садаганын, жеке адамдардын ыктыярдуу түрдө кошкон салымдардын 50 пайызын, Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруусунан түшкөн кирешенин Вакыф Фонду жөнөткөн түзүмдүн үлүш-пайызын, жетекчи, кызматкерлердин айлык маянасына кошуп же башка түрдүү бөлүшүтүрүүгө тыюу салынат жана Шариат койгон максаттарга, КР мыйзамынын чегинде сарпталат.

**2.6.** КМДБнын түзүмүндөгү текшерүүчү функциясын аткарган БТКсын текшерүү демилгесин, жогорку жетекчи жана аткаруучу оргaндардын бириси көтөрө алат, БТКны текшерүү ишин Уламалар Кеңеши жогорку жетекчи жана аткаруучу органдардын мүчөлөрүнөн турган комиссия түзүп аны жетектейт.

## 3. КМДБнын негизги милдеттери жана укуктары

**3.1.** КМДБнын түзүмдөрүнүн ар бириси, өзүнүн алдындагы милдеттерине ылайык, шариаттын чегинде жана мыйзам тарабынан аныкталган тартипте, КМДБга төмөнкү милдеттер жүктөлөт жана каржы-чарбалык, өндүрүштүк, ишкердик, кайрымдуулук жана башка ишмердүүлүк боюнча төмөнкү укуктар берилет:

- Жашоо шарты начар, кедей-кембагал, жетим-жесир, колунда жок көп балалуу үй-бүлөөлөргө ар дайым кайыр-садага, зекет, үшүрдөн түшкөн каражаттардан кайрымдуулук иштерин уюштуруу республикалык масштабта ВФ милдеттүү, жана жергиликтүү масштабта Казыяттар милдеттүү, КМДБнын башка түзүмдөрү да мындай ишчара көрүүгө укуктуу;

- каржы-чарбалык, өндүрүштүк иштерин жүргүзүү үчүн, өзүнүн ишканаларын, соода тармактарын жана башка киреше көрүү үчүн уюмдарын түзүү;

- Кыргыз Республикасы мыйзамдарынын негизинде жана чегинде диний объектилерди куруу, диний уюмдарды уюштуруу жана алардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөгө КМДБнын ар бир түзүмү өз алдынча укуктуу;

- ар бир түзүм, келип түшкөн зекеттин, кайыр-садаганын, битир-садаганын, жеке адамдардын ыктыярдуу түрдө кошкон салымдардын 50 пайызын гана

алып калуу жана аларды жергиликтүү масштабда шариаттын койгон максаттарында колдонуу;

- Ажылык, Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн кирешенин түзүмгө тиешелүү ВФ тарабынан бөлүнүп берилген үлүшүн алуу жана түзүмдүн максаттарына гана колдонуу;

- алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн белгиленген тартипте диний окуу жайларын, борболорду жана фонддорду түзүү;

- массалык маалымат каражаттарын түзүү, басма иштерин аткаруу, медиа продукцияларын чыгаруу боюнча КМДБнын бардык түзүмдөрү укуктуу;

- республиканын масштабында Исламдын максаттары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ушул Уставдын чегинде мусулмандарга кызмат кылуу үчүн башка иштерди да аткаруу укугу КМДБнын түзүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша берилет.

## 4. Кыргызстан мусулмандарынын Курултайы

**4.1.** Кыргызстан мусулмандар Курултайы (мындан ары кыскартылып Курултай) КМДБнын эң жогорку органы. Курултай төрт жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

**4.2.** Курултай:

- КМДБнын Уставын бекитет, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет**;**

- Кыргыз Республикасында Ислам дининин өнүгүүсү боюнча орчундуу маселелерин карайт жана КМДБнын ишмердүүлүгүнүн стратегиялык багыттарын аныктайт;

- Уламалар Кеңешинин, Борбордук Текшерүү Комиссиясынын, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинин, жана Вакыф Фондунун курамын ачык добуш менен шайлайт;

- Кезектеги Курултай, Уламалар Кеңешинин, Вакыф Фондунун, Борбордук Текшерүү Комиссиясынын, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинин эски курамын калтырууга укуктуу, кезексиз Курултай да, ВФнун курамындагы мүчөлөрдү кызматтан бошотууга укуктуу.

- Уламалар Кеңешинин, Борбордук Текшерүү Комиссиясынын, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинин жана Вакыф Фондунун ишмердүүлүк программаларын бекитет;

- Уламалар Кеңешинин, Борбордук Текшерүү Комиссиясынын, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинин, Вакыф Фондунун жана Азирети Муфтийдин отчетторун угат жана алардын ишмердүүлүгүнө баа берет;

- Уламалар Кеңеши, Борбордук Текшерүү Комиссиясы, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңеши жана Вакыф Фонду тарабынан Азирети Муфтий тууралуу ишеним көрсөтүү же көрсөтпөө сунуштарды кабыл алып өз чечимин чыгарат;

- Альтернативдүү түрдө сунушталган Азирети Муфтийликке талапкерлердин ичинен жашыруун добуш менен Азирети Муфтийди төрт жылга шайлайт;

**4.3.** Кезектеги Курултай, төрт жылда бир, өз кезеги менен Уламалар Кеңеши тарабынан чакырылат;

**4.4.** Кезексиз Курултайды чакыруу, Борбордук Текшерүү Комиссиясынын, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинин, Уламалар Кеңешинин, Вакыф Фондунун ар бирисинин мүчөлөрүнүн үчтөн эки добушунун жана Азирети Муфтийдин демилгеси менен көтөрүлсө, Уламалар Кеңеши кезексиз Курултайды чакырууга милдеттүү болот, же болбосо кезексиз Курултайды чакыруу Уламалар Кеңешинин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинин демилгеси менен чечими, мыйзамдуу деп эсептелет.

**4.5.** Уламалар Кеңеши кезексиз Курултайды чакырбаса, же анын чакырылышына тоскоолдук кылса, Борбордук Текшерүү Комиссиясынан, Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинен, Муфтияттан, Вакыф Фондунан жана Уламалар Кеңешинин кезексиз Курултайга каршылыгы болбогон үчдөн мүчө, кезексиз Курултайды чакыруу боюнча уюштуруу комитетин түзөт. Кезексиз Курултайды чакыруу жана өткөзүү ыйгарым укуктары, толугу менен уюштуруу комитетине өтөт. Кезексиз Курултайды чакыруу жана өткөзүүнү каржылоо Вакыф Фондуна жүктөлөт. Кезексиз Курултай бир айлык мөөнөттүн ичинде өткөрүлөт.

**4.6.** Курултайдын чечимдери катышып олтурган делегаттардын жалпы санынан жөнөкөй көпчүлук менен кабыл алынат.

**4.7.** Курултай жалпы делегаттардын үчтөн экисинин катышуусу менен мыйзамдуу болот.

**4.8.** Курултайдын ар бир делегаты талкууга алынган маселелер боюнча оюн билдирип, сунуш киргизүүгө жана аны добушка койдурууга укуктуу.

**4.9.** Курултай, ММКры чакырылып, ачыктыктын, айкындыктын негизинде өткөрүлөт.

**4.10.** Курултайга келүүчү делегаттардын саны, областтык жана Бишкек, Ош шаардык казыяттар деңгээлинде 33 кишилик квота берилет, бардыгы 297, добуш берүүгө укуктуу делегат шайланып келет. Курултайдын президиуму республикалык деңгээлде 3 кишини шайлап алардын бириси Курултайдын Төрөгалыгына шайланат, жана шайланган Төрөга тарабынан орун басары менен катчысы дайындалат. Курултайдын иши адилет жана калыс болуусу үчүн президиумдун курамы, 297 делегаттын курамына кирбейт жана добуш берүү укугуна ээ болбойт. Курултайдын делегаттары, казыяттар деңгээлинде 15 күн алдын ала шайланып ар бир делегаттын аты-жөнү аныкталып Курултайды өткөзүүчү тарапка тапшырылат.

**4.11.** Курултайдын Төрагасы, президиуму жана анын делегаттары тууралуу критерийлер:

- Курултайдын Төрагасы, республикалык деңгээлде таанымал, бойго жеткен, акыл-эси ордунда, Кыргызстан жарандыгына эң азы 5 жыл толгон, мусулман, Ислам жаатында жогорку диний билими болгон адам болуусу зарыл;

- Президиумдун мүчөсү, республикалык деңгээлде таанымал, бойго жеткен, акыл-эси ордунда, Кыргызстан жарандыгына эң азы 5 жыл толгон, мусулман, Ислам жаатында диний билими болгон адам болуусу зарыл;

- Курултай делегаты, жергиликтүү деңгээлде таанымал, бойго жеткен, акыл-эси ордунда, Кыргызстан жарандыгына эң азы 5 жыл толгон, мусулман, Ислам жаатында диний билими болгон адам болуусу зарыл;

## 5. Уламалар Кеңеши

**5.1.** Уламалар Кеңеши Курултайлар аралыгында жыл бою иштеген, Курултайлар аралыгында анын өкүлчүлүгүн кылган, Уламалар Кеңешинин мүчөлөрү, Курултайдын делегаттары тарабынан төрт жылга бир шайланган, КМДБнын жогорку жетекчилик органы болуп эсептелет.

**5.2.** Уламалар Кеңешинин саны жана курамы: ар бир областан, Бишкек жана Ош шаарларынан үчтөн өкүл болуп, баардыгы 27 адам.

**5.3.** Уламалар Кеңешинин курамына КМДБнын аткаруу органдарынын жетекчилери, жана кызматкерлерине кирүү тыйуу салынат.

**5.4.** Уламалар Кеңешинин Төрагасы болбойт, анын ордуна жөн гана, ар күнү отурумдарга алпаруучу шайланат. Отурум алпаруучунун эч кандай бийлиги болбойт, ал күн тартибинин маселесин белгилеп, отурум бүткүчө, катышуучуларга сөз берип, отурумду нукка салып туруучу гана милдети бар. Отурум алпаруучусу, катардагы мүчөлөрдөй бир гана добушка ээ болот. Отурумдун мүчөлөрү, алпаруучуну катышуучулардын, жөнөкөй көпчүлүгү менен шайлайт. Отурум алпаруучусуна Уламалар Кеңешинин бардык мүчөлөрүнүн атынан иш кагаздарга кол кою укугу берилет, ошол себептен жоопкерчилик Уламалар Кеңешинин бардыгына бирдей тиешелүү болот.

**5.5.** Уламалар Кеңешинин отуруму, отурумга катышуучулардын саны, мүчөлөрүнүн жалпы санынан үчтөн экисинен жогору болгон учурда гана мыйзамдуу эсептелет. Уламалар Кеңешине жооптуу катчыны, отурумдун алпаруучусу, отурумга келген Уламалар Кеңешинин мүчөлөрүнүн ичинен дайындайт. Уламалар Кеңешинин чечимдери анын катышып отурган мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

**5.6.** Уламалар Кеңеши төрт жылда бир, Курултай тарабынан кезектеги Курултайга чейин бир жолу шайланат. Кезектеги Курултай, Уламалар Кеңешинин эски курамын калтырууга укуктуу, кезексиз Курултай да, Уламалар Кеңешинин курамындагы мүчөлөрдү кызматтан бошотууга укуктуу.

**5.7.** Уламалар Кеңешинин мүчөлүгүнө талапкердин шарттары (критерийлери):

- КР жарандыгына ээ болгондугуна эң аз 5 жыл болгон, бойго жеткен мусулман болуусу;

- атайын Ислам боюнча жогорку диний билими бар, Куран, Тафсир, Хадис, Фыкх жана башка Ислам илимдерин терең өздөштүргөн болуусу;

- Ислам боюнча жогорку диний билиминен тышкары, башка светтик илимдерден дагы, жогорку билимге ээ болуусу;

- адеп-ахлагы бийик, адилеттүү, адамгерчиликтүү, ак ниет болуусу;

- мусулмандар арасында аброю жогору, терең ишенимге ээ болуусу;

- Дүйнө таануусу кеңири, интеллекти, маданияты жогору болуусу;

- көрсөтүлгөн шарттар менен бирге Кыргыз Республикасынын Башмыйзамы, мыйзамдары жана демократиялык коомдун негизги принциптери тууралуу түшүнүгү болуусу.

**5.8.** Уламалар Кеңешинин иш аракеттерине жана укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- КМДБда, Курултайдын расмий өкүлчүлүгүн кылуу;

- Ажылык-Умра Комитетинин курамын ачык добушка салып шайлайт;

- КМДБнын жогорку жетекчи жана аткаруучу органдардын демилгеси менен БТКны текшерүү үчүн, комиссия түзүп аны жетектөө;

- КМДБнын жылдык бюджетин бекитүү жана анын аткарылышы тууралуу кварталдык, жарым жылдык, жана жылдык отчетторун угуу, кезектеги жана кезексиз чакырылган Курултайга отчет берүү;

- КМДБгы Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңешинен башка түзүмдөрдүн штаттык кадрларынын айлык маянасын жарым жылда бир бекитүү;

- Жылдык отчет боюнча Муфтияттын, Ажылык-Умра Комитетинин ишмердүүлүгүнө баа берүү, жана ушул маселе боюнча маалыматты Курултайга алып чыгуу;

- Муфтият менен Ажылык-Умра Комитетине негизги багыттарды берүү жана анын жүзөгө ашырылышын көзөмөлгө алуу;

- КМДБнын структураларын түзүү, кайра түзүү жана башка өзгөртүүлөрдү киргизүү, аны Курултайга бекитүү үчүн сунуштоо;

- Ажылык-Умра Комитетинин жоболорун, эрежелерин бекитүү, Ажылык жана Умралык сапарына алып баруу боюнча уюштурууну көзөмөлгө алуу жана отчетун угуу;

- Азирети Муфтийдин орун басарларын дайындоо жана бошотуу;

- Муфтияттын, Ажылык-Умра Комитетинин түзүмүндөгү жетекчилерин аттестациялоо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Ислам окуу жайлардын программаларын, окуу куралдарын, окуу китептерин бекитүү;

- Азирети Муфтийдин кайрылуусунун негизинде, Ислам динине тиешелүү, сейрек кездешкен, жалпы коомчулукта талаш-тартыш жараткан орчундуу маселелер боюнча, Исламдын негизинде (Ханафий мазхабынын негизинде, эгер табылбаса Ахлю аль-Сунна уаль-Жамааттын башка мазхабдарынын негизинде), КР мыйзамдары чегинде тыянактуу чечим чыгаруу;

- Уламалар Кеңеши өзү жана Курултай чыгарган чечимдерди КМДБ тарабынан аткарылуусун көзөмөлдөө.

## 6. Борбордук Текшерүү Комиссиясы

**6.1.** Борбордук Текшерүү Комиссиясы (мындан ары кыскартылып БТК), Курултайлар аралыгында КМДБнын түзүмүндө бийлиги жок, КМДБнын башка органдарына жетекчилик кылбаган, Уламалар Кеңешинин деңгээлинде болгон, КМДБда Мусулмандардын Байкоочу Кеңешинен башка бардык органдарын текшере турган, жыл бою иштеген, мүчөлөрү Курултайдын делегаттары тарабынан төрт жылга бир жолу ачык добуш менен шайланган, Курултайдын жогорку аткаруучу органы болуп эсептелет.

**6.2.** БТКнын курамы диний уюм жана жамааттардан 4 өкүл, жана жарандык коомчулуктан 3 өкүл болуп, баардыгы – 7 адамдан турат. БТКнын курамына, КМДБнын жогорку жетекчилигинин жана аткаруу органдарынын жетекчилигинин мүчөлөрүнө жана кызматкерлерине кирүү тыйуу салынат.

**6.3.** Курултайдын кароосуна, БТКнын мучөлүгүнө, диний уюмдар, жамааттар жана бейөкмөт уюмдар, талапкерлерин Уламалар Кеңеши аркылуу сунуштайт.

**6.4.** БТКнын биринчи отурумунда анын мүчөлөрү БТКнын Төрагасын жана Катчысын шайлашат.

**6.5.** БТК кезектеги же кезексиз Курултайлардын алдында отчет берет.

**6.6.** БТКнын милдеттери жана укуктары:

- КМДБнын курамына кирген бардык уюмдардын (Уламалар Кеңеши, Муфтият, Ажылык-Умра Комитети жана Вакыф Фонду) каржы, чарбалык иштерин (каражаттардын түшүүсүн жана алардын канчалык максаттуу пайдаланылышын) жана КМДБнын тышынан ВФна, Уламалар Кеңешине, Азирети Муфтийге, АУКне мамлекеттик, бейөкмөт, чет өлкөлүк уюмдар, же жеке адамдар тарабынан, кандайдыр түздөн түз, же кыйыр маанидеби таасирлери болуп болбогондугун текшерүү;

- КМДБнын ишмердүүлүгү боюнча кеңири коомчулук тарабынан келип түшкөн арыздарды, кайрылуу жана сын-пикирлерди кароо жана анын негизинде текшерүү жүргүзүү;

- Текшерүүнүн жыйынтыктарын Уламалар Кеңешин милдеттүү түрдө маалымдоо;

- Жүргүзүлгөн текшерүүнүн талабы, коомчулук тарабынан келген бөлүгүнүн жыйынтыгын ММК аркылуу коомчулукту маалымдоо;

- Кезексиз Курултайды чакыруу демилгесин көтөрүү;

- БТК өз ишин аткарууда, көз карандысыз аудиторлорду, эксперттерди жана адистерди чакырууга укуктуу. Бул учурда БТКнын сунушу менен КМДБнын Вакыф Фонду, текшерүү ишине чакырылган уюмдар, же жеке адамдар менен тиешелүү келишим түзүп акыларын төлөп берүүгө милдеттүү;

- Текшериле турган объекти тарабынан тоскоолдуктар болсо, БТКнын мүчөлөрү тиешелүү мамлекеттик текшерүү, укук коргоо, тергөө, тескөө, сот жана башка органдарына кайрылууга укуктуу;

**6.7.** БТК өзүнүн ишмердүүлүгүн төрт жылдык пландын негизинде алып барат. КМДБнын бардык структураларынын жетекчилери жана кызматкерлери текшерүү учурунда БТКга ыңгайлуу шарт түзүп жана талап кылынган документтердин бардыгын БТКга көрсөтүүгө милдеттүү. Документтерди толук бербей, шарт түзбөй, текшерүүгө жолтоолук түзгөн жетекчилерге жана кызматкерлерге, Уламалар Кеңеши тарабынан, ээлеген кызматтан бошотууга чейинки чаралар көрүлөт. Эгерде мындай каршылык Уламалар Кеңеши тарабынан көрсөтүлө турган болсо, кезексиз Курултайдын чакырылышына негиз түзүлгөн болот.

**6.8.** БТКнын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында чыккан тыянактар Уламалар Кеңешине жөнөтүлөт. Уламалар Кеңеши өз кезегинде кемчилик жана мүчүлүштүктөрдү оңдоого аракеттенип КМДБнын бардык структураларына тийиштүү буйруктарын берүүсү керек. Эгерде кемчилик жана мүчүлүштүктөр Уламалар Кеңешинин өзүнө тиешелүү болуп, жана БТК тарабынан тийиштүү тыянактарды алгандан соң, Уламалар Кеңеши тарабынан абалды оңдоого багытталган эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбесе, кезексиз Курултайдын чакырылышына негиз түзүлөт.

**6.9.** БТК текшерүүнүн натыйжасында, юридикалык жак катары сот органдарына кайрылууга укуктуу.

**6.10.** БТКнын мүчөлүгүнө талапкердин шарттары (критерийлери):

- КР жарандыгына ээ болгондугуна эң аз 5 жыл болгон, бойго жеткен мусулман болуусу;

- атайын Ислам боюнча жогорку диний билими бар жана “Ислам принциптери боюнча каржылоо” фыкх тармагын терең өздөштүргөн болуусу;

- “Экономика”, “Каржы”, “Соода”, “Чарба” ж.б.у.с. адистиктердин бириси боюнча жогорку билимине ээ болуусу;

- адеп-ахлагы бийик, адилеттүү, адамгерчиликтүү, ак ниет болуусу;

- мусулмандар арасында аброю жогору, терең ишенимге ээ болуусу;

- Дүйнө таануусу кеңири, интеллекти, маданияты жогору болуусу;

- көрсөтүлгөн шарттар менен бирге Кыргыз Республикасынын Башмыйзамы, мыйзамдары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, мекемелердин мыйзамдуу жана мыйзам тышы ишмердүүлүгү тууралуу негизги маалыматтарына ээ болуусу.

## 7. Вакыф Фонду

**7.1** Вакыф Фонду (мындан ары кыскартылып ВФ), Курултайлар аралыгында КМДБнын түзүмүндө, бийлиги жок, КМДБнын башка органдарына жетекчилик кылбаган, Уламалар Кеңешинин деңгээлинде болгон, КМДБда Мусулмандардын Байкоочу Кеңешинен башка бардык органдарын каржылай турган, жыл бою иштеген, мүчөлөрү Курултайдын делегаттары тарабынан төрт жылга бир жолу ачык добуш менен шайланган Курултайдын жогорку, аткаруучу органы болуп саналат.

**7.2.** ВФ жетекчилигинин саны жана курамы: ар бир областан, Бишкек жана Ош шаарларынан бирден өкүл болуп, баардыгы 9 адам.

**7.3.** ВФнун курамына КМДБнын аткаруу органдарынын жетекчилерине, жана кызматкерлерине кирүүгө тыюу салынат.

**7.4.** ВФнун, Уламалар Кеңеши жана Ажылык-Умра Комитети сыяктуу Төрөгасы болбойт, анын ордуна жөн гана, ар күнү отурумдарга жаңыдан алпаруучу шайланат. Отурум алпаруучунун эч кандай бийлиги болбойт, бир гана учурдагы тематиканы белгилеп, отурум бүткүчө, катышуучуларга сөз берип, отурумду нукка салып туруучу милдети бар. Отурум алпаруучу, катардагы мүчөлөрдөй бир гана добушка ээ болот. Отурумдун мүчөлөрү,

алпаруучуну, катышуучулардын жөнөкөй көпчүлүгү менен шайлайт. Отурум алпаруучуга ВФнун бардык мүчөлөрүнүн атынан иш кагаздарга кол коюу укугу берилет, андыктан жоопкерчилик ВФнун отурум мүчөлөрүнүн бардыгына бирдей тиешелүү болот.

**7.5.** ВФнун отуруму анын мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда гана мыйзамдуу эсептелет. ВФна жооптуу катчыны, отурумдун алпаруучусу, отурумга келген ВФнун мүчөлөрүнүн ичинен дайындайт. ВФнун чечимдери анын катышып отурган мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

**7.6.** ВФнун мүчөлүгүнө талапкердин шарттары (критерийлери):

- КР жарандыгына ээ болгондугуна эң аз 5 жыл болгон, бойго жеткен мусулман болуусу;

- атайын Ислам боюнча жогорку диний билими бар жана “Ислам принциптери боюнча каржылоо” фыкх тармагын терең өздөштүргөн болуусу;

- “Экономика”, “Каржы”, “Соода”, “Чарба” ж.б.у.с. адистиктердин бириси боюнча жогорку билимине ээ болуусу;

- адеп-ахлагы бийик, адилеттүү, адамгерчиликтүү, ак ниет болуусу;

- мусулмандар арасында аброю жогору, терең ишенимге ээ болуусу;

- Дүйнө таануусу кеңири, интеллекти, маданияты жогору болуусу;

- көрсөтүлгөн шарттар менен бирге Кыргыз Республикасынын Башмыйзамы, мыйзамдары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, мекемелердин мыйзамдуу жана мыйзам тышы ишмердүүлүгү тууралуу негизги маалыматтарына ээ болуусу.

**7.7.** ВФнун милдеттерине жана укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- ВФнун мүчөлөрү алгачкы жана ар жылдын биринчи отурумунда ички түзүмдүн штатын түзүп УКне бекитүүгө сунуштайт;

- КМДБнын Уламалар Кеңеши тарабынан бекитилген жылдык бюджетти каржылоо;

- Кезектеги жана кезексиз Курултайга кварталдык, жарым жылдык, жылдык жана төрт жылдык отчетторду берүүгө ар дайым даяр туруу;

- Кезектеги жана кезексиз өткөзүлө турган Курултайларды каржылоо;

- БТКнын текшерүү иштерине тоскоол болбоо, бардык шарттарды түзүп берүү, талап кылынган ишкагаздардын копияларын камсыз кылуу, керек учурда түп нускаларын да көрсөтүү;

- АУКнин Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруу кызматынын төлөмдөрүн, Ажылык же Умра сапарына аттанган Кыргызстан жаранынан банк аркылуу кабыл алуу;

- Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн кирешенин 5 пайызын АУКне кайтарып берүү;

- Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн кирешенин 25 пайызын Муфтиятка берүү;

- Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн кирешенин 5 пайызын БТКга берүү;

- Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн кирешенин 5 пайызы ВФнун өзүндө калтыруу;

- Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн кирешенин 10 пайызын Уламалар Кеңешине берүү;

- КМДБнын бардык түзүмдөрүнө түшкөн зекеттин, кайыр-садаганын, битир-садаганын, жеке адамдардын ыктыярдуу түрдө кошкон салымдардын 50 пайызын алуу жана ВФдагы КМДБнын жалпысына тиешелүү казынасына салып аларды өз-өзүнчө эсеп-кысапта сактоо;

- Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруусунан түшкөн кирешенин калган 50 пайызын ВФгы КМДБнын жалпысына тиешелүү казынасына салуу жана аларды өзүнчө эсеп-кысапта сактоо;

- КМДБда Курултайдын расмий өкүлчүлүгүн кылган Уламалар Кеңеши тарабынан бекитилген штаттык кадрлар тизмеси боюнча айлык маяна менен камсыз кылуу;

- КМДБнын айлык маяналары, мамлекет тарабынан расмий ММК булактарында белгиленген “жашоо мүмкүнчүлүгүнүн минимумун” түзгөн айлык маянанын эки эсесинен тартып он эки эсеге чейин гана мүмкүн;

- ВФу, КМДБны каржылоодон арткан каржы каражаттарын, КМДБнын атынан, Ислам принциптеринин негизинде соода-сатыкка салып айландырууга, кандайдыр долбоорлорго инвестициялап, бизнесте шериктик

салымын кошууга жана башка адал жолдор менен КМДБнын жалпысына тиешелүү фондуна киреше көрүүгө милдеттүү;

- ВФнун ишмердүүлүгүнө КМДБнын тышынан мамлекеттик, бейөкмөт, чет өлкөлүк уюмдар, же жеке адамдар тарабынан, кандайдыр түздөн түз, же кыйыр маанидеби таасирлери болбошу керек, ВФнун ишмердүүлүгү бир гана Ислам Шариятынын койгон максаттарын көздөп, КР мыйзамдарынын чегинде, ушул Уставдын нугунда болууга милдеттүү.

**7.8.** КМДБнын ВФна келип түшкөн каражаттардын булактары:

- мусулмандар тарабынан берилүүчү жыйымдар, зекет, кайыр-ихсан, битир-садага жана башка ыктыярдуу салымдар;

- КМДБнын Уламалар Кеңешине караштуу Ажылык-Умра Комитетинин Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруудан түшкөн каражаттары;

- өзүнүн ишканаларынан, соода тармактарынан, каржыланган долбоорлордон жана шериктештик бизнестен түшкөн кирешелер;

- чет өлкөлүк ар кандай фонддордун, мекемелердин жана жеке адамдардын жардамдары;

- басмалардан түшкөн кирешелер;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан чектелбеген башка каржы булактары.

## 8. Ажылык-Умра Комитети

**8.1.** Ажылык-Умра Комитети (мындан кыскартылып АУК), Курултайлар аралыгында КМДБнын түзүмүндө, Уламалар Кеңешинин карамагында, бийлиги жок, КМДБнын башка органдарына жетекчилик кылбаган, Муфтияттын деңгээлинде болгон, жыл бою иштеген, Кыргыз Республикасынын масштабында Ажылык жана Умралык сапарларын уюштуруучу, Уламалар Кеңешинин аткаруучу органы болуп саналат.

**8.2.** АУКнин жетекчилигинин саны жана курамы: ар бир областан, Бишкек жана Ош шаарларынан бирден өкүл болуп, баардыгы 9 адам.

**8.3.** АУКнин курамына КМДБнын аткаруу органдарынын жетекчилерине, жана кызматкерлерине кирүүгө тыйуу салынат.

**8.4.** АУКнин Уламалар Кеңеши жана Вакыф Фонду сыяктуу Төрөгасы болбойт, анын ордуна жөн гана, ар күнү отурумдарга жаңыдан алпаруучу

шайланат. Отурум алпаруучунун эч кандай бийлиги болбойт, бир гана учурдагы тематиканы белгилеп, отурум бүткүчө, катышуучуларга сөз берип, отурумду нукка салып туруучу милдети бар. Отурум алпаруучу, катардагы мүчөлөрдөй бир гана добушка ээ болот. Отурумдун мүчөлөрү, алпаруучуну, катышуучулардын жөнөкөй көпчүлүгү менен шайлайт. Отурум алпаруучуга АУКнин бардык мүчөлөрүнүн атынан иш кагаздарга кол кою укугу берилет, андыктан жоопкерчилик АУКнин отурум мүчөлөрүнүн бардыгына бирдей тиешелүү болот.

**8.5.** АУКнин отуруму анын мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда гана мыйзамдуу эсептелет. АУКнин жооптуу катчыны, отурумдун алпаруучусу, отурумга келген АУКнин мүчөлөрүнүн ичинен дайындайт. АУКнин чечимдери анын катышып отурган мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

**8.6.** АУКнин мүчөлүгүнө талапкердин шарттары (критерийлери):

- КР жарандыгына ээ болгондугуна эң аз 5 жыл болгон, бойго жеткен мусулман болуусу;

- атайын Ислам боюнча жогорку диний билими бар өзгөчө, “Ажылык жанаУмралык” фыкх тармагын терең өздөштүргөн болуусу;

- адеп-ахлагы бийик, адилеттүү, адамгерчиликтүү, ак ниет болуусу;

- мусулмандар арасында аброю жогору, терең ишенимге ээ болуусу;

- Дүйнө таануусу кеңири, интеллекти, маданияты жогору болуусу;

- көрсөтүлгөн шарттар менен бирге Ажылык менен Умралык сапарларын уюштуруусуна тиешелүү Кыргыз Республикасынын Башмыйзамы, “Дин тутунуу жана тутунбоо эркиндиги” мыйзамы, ыйгарымдуу элчиликтер, консулдуктар менен байланыш мыйзамдары, эларалык мыйзамдары, дипломатиялык ыкмалыры, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, мекемелер менен иштешүүнүн мыйзамдуу жолдоруна жана мыйзам тышы ишмердүүлүгү тууралуу негизги маалыматтарына ээ болуусу.

**8.7.** АУКнин милдеттерине жана укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- АУКнин алгачкы жана ар жылдын башындагы биринчи отурумда ички түзүмдүн штаттык кызматкерлери аныкталып, тизмеси УКне бекитүүгө сунушталат;

- УК тарабынан бекитилип чыккан жоболорго, эрежелерге ылайык, Кыргызстан мусулмандарын, Ажылык жана Умралык сапарга алып барууну уюштуруу жана башка багыттоолорду аткаруу;

- Уламалар Кеңешине кварталдык, жарым жылдык, жылдык жана төрт жылдык отчетторду берүүгө ар дайым даяр туруу;

- БТКнын текшерүү иштерине тоскоол болбоо, бардык шарттарды түзүп берүү, талап кылынган ишкагаздардын копияларын камсыз кылуу, керек учурда түп нускаларын да көрсөтүү;

- Ажыга же Умрага барчу мусулман коомчулугу, АУКнин көрсөткөн кызматтары үчүн, акчалай төлөмдөрүнүн 100 пайызын ВФнун келишим түзгөн банкына төгүп, АУКне квитанциясын тапшырат;

- Ажылык жана Умралык иши боюнча Ажылык Комитети тарабынан дайындалган жана Ажылык Комитетинин атынан чет өлкөлүк уюм, мекемелер менен байланыш куруу жана тиешелүү келишимдерди түзүү ыйгарымдуу өкүлү укуктуу.

## 9. Муфтият жана Азирети Муфтий

**9.1.** КМДБнын түзүмүндө Муфтият, Ажылык-Умра комитетинен тышкары жогорку аткаруучу орган болуп эсептелет.

**9.2.** Муфтияттын курамына Азирети Муфтий, анын орун басарлары (наиб муфтийлер), аппараты, жети областын, Бишкек, Ош шаарларынын казыяттары (бардыгы тогуз) жана казыяттардын карамагында болгон шаардык, райондук, айылдык мечиттер, намазканалар, бала-бакча, окуу жайлар жана башка объектилер кирет.

**9.3.** Муфтияттын ишмердүүлүгү ушул Уставда көрсөтүлгөндөй, Курултай жана Уламалар Кеңешинин чечимдерин аткарууга багытталган. Азирети Муфтий жана анын орун басарлары, Муфтият тарабынан аткарылган иштер тууралуу Уламалар Кеңешине кварталдык, жарым жылдык, жылдык отчетторун берет. Кезектеги жана кезексиз Курултай алдында Азирети Муфтий бардык аткарган иштери боюнча отчет берет.

**9.4.** Муфтият, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Ислам окуу жайлардын программаларын, окуу куралдарын, окуу китептерин тынымсыз жаңылап, инновациялык ыкмалар менен камсыздап турат.

**9.5.** Азирети Муфтий Кыргызстан мусулмандарынын жогорку диний жетекчиси болуп эсептелет.

**9.6.** Курултай, муфтийликке альтернативдүү түрдө сунушталган талапкерлердин ичинен, жашыруун добуш менен Азирети Муфтийди шайлайт;

**9.7.** Муфтийлике талапкерлер Курултайдан 20 күн алдын ММКры аркылуу койгон максаттарын, кыла турган кызматтарын өздөрүнүн түзгөн программалары аркылуу коомчулукту тааныштыруусу зарыл, андан соң Курултай чогулган учурда делегаттарды өздөрүнүн программалары менен тааныштырышат.

**9.8.** Азирети Муфтийдин шарттары:

- КР жарандыгына ээ болгондугуна эң аз 5 жыл болгон, бойго жеткен, кыргыз улутунда болгон мусулман болуусу;

- атайын Ислам боюнча жогорку диний билими бар, Куран, Тафсир, Хадис, Фыкх жана башка Ислам илимдерин терең өздөштүргөн болуусу;

- адеп-ахлагы бийик, адилеттүү, адамгерчиликтүү, ак ниет болуусу;

- мусулмандар арасында аброю жогору, терең ишенимге ээ болуусу;

- Дүйнө таануусу кеңири, интеллекти, маданияты жогору болуусу;

- көрсөтүлгөн шарттар менен бирге Кыргыз Республикасынын Башмыйзамы, мыйзамдары жана демократиялык коомдун негизги принциптери тууралуу түшүнүгү болуусу.

**9.9.** Азирети Муфтийдин ыйгарым укуктары:

- Мамлекеттик бийлик органдар, жарандык коом, өлкөдөгү диний уюмдар, чет өлкөдөгү диний жана диний эмес уюмдар, Кыргызстандагы чет өлкөлүк уюмдар жана алардын өкүлчүлүктөрү менен КМДБнын атынан расмий байланыш куруу, аларга өкүлчүлүк кылуу жана алар менен Ажылык жана Умра ишинен башка иштер боюнча кызматташуу;

- “Орозо айт” жана “Курман айт” күндөрүн алдын ала божомолдуу түрдө белгилеп, Кыргыз Республикасынын мусулмандарын жана мамлекеттин тийиштүү башкаруу органдарын маалымдоо, жана учуру келгенде (ай жаңырганда) коомчулукка эки айттын күндөрүн, ММК аркылуу так маалыматын берүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келген Ислам дининин маселелери боюнча Фатваларды жана башка чечимдерди чыгаруу;

- имамдарды чет өлкөлөрдүн окуу жайларында окутууга жана алардын билим денгээлин жогорулатууга жолдомо берүү бир гана Азирети Муфтийдин укугу болуп саналат;

- Областык, Бишкек жана Ош шаардык казыяттардын түзүлүштөрүн бекитүү;

- Областык, Бишкек жана Ош шаардык казыларды дайындоо жана кызматтан бошотуу. Областык, Бишкек жана Ош шаардык казылардын орун басарларын өз демилгеси менен кызматка дайындайт жана бошотот;

- Муфтияттын түзүмүндөгү аппараттын бөлүм жетекчилерин жана Казыларды, жеке демилгеси менен дайындайт жана бошотот;

- Муфтияттын карамагындагы окуу жайлардын жетекчилерин дайындайт жана аларды кызматтан бошотот;

**9.10.** Муфтияттын милдеттери жана укуктары:

- Кыргызстан мусулмандарынын руханий, диний муктаждыктарын жана талаптарын, Ислам дининин негизги булактары эсептелген Куран, Сүннөт, Ижмаа, Кыяс, Ислам шариатына карама-каршы келбеген Кыргызстан коомчулугунун үрп-адаты, салт-санаасы, Ахлю аль-Сунна уа аль-Жамаа дин ишеними жана Ханафий мазхабынын негизинде кеңири түшүндүрмө берүү менен канааттандыруу жана деструктивдүү багытта болгон агымдардан коргоо;

- Мамлекеттин руханий, диний коопсуздук маселеси боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү;

- Кыргыз коомчулугуна зыяны тие турган, Исламды жамынган экстремистик, террористтик жана башка деструктивдүү агымдардын жайылбоосуна багытталган алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү;

- Исламдын негизинде жаштарды адамгерчиликке, мээримдүүлүккө, кайрымдуулукка, ыймандуулукка, атуулдукка, билим деңгээлин жогорулатууга, Алланын шариатына карама-каршы келбеген үрп-адаттарды, салт-санааларды жана маданиятты сыйлоого, урматтоого чакыруу жана тиешелүү иш-чараларды көрүү;

- Жыл сайын, имамдарын жана башка диний кызматкерлердин, диний билим деңгээлин жогорулатууну уюштуруу;

- Диний адабияттарды коомдун калың катмарына, кыргыз, орус жана өлкөдө жашаган мусулман улуттардын тилине которуп таратуу;

- Ислам дини боюнча жазылган адабияттарды, эмгектерди мамлекеттик, руханий, диний коопсуздукту сактоо максатынын негизинде аныктап, цензурадан өткөрүү жана аларды басып чыгарууга уруксат берүү;

- шариятка ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандардан, ишкана жана мекемелерден, зекет, кайыр-ихсан, садага, битир-садага жана башка ыктыярдуу салымдарды кабыл алуу жана анын 50 пайызын Вакыф Фондуна өткөзүү;

**9.11.** Азирети Муфтийдин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулат эгерде:

- жазуу түрүндө өзүнүн муфтийлик ыйгарым укуктарынан бошотуу боюнча Уламалар Кеңешинин атына жазылган арызы болсо;

- Уламалар Кеңеши мүчөлөрүнүн жалпы санынан үчтөн экиси добушу менен Азирети Муфтийге ишенбестик көрсөткөндүгүн кезексиз чакырылган Курултай кабылдаса;

- динден чыкса (иртидаад);

- Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготсо;

- соттун аны кылмыш иши боюнча күнөөлөгөн өкүмү чыкса;

- Акыл-эси ордунда болбосо;

- каза болгондо.

**9.12.** Азирети Муфтийдин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтоосу, Уламалар Кеңешинин демилгеси менен эмес, башка себептер менен болсо, 45 күндөн кечиктирилгис убакыттын ичинде кезексиз Курултай өткөрүлөт. Курултайда жаңы Азирети муфтий Уставга ылайык шайланат.

**9.13.** Эки мөөнөттөн ашык, Азирети Муфтий кызматын өтөөгө эч кимге укук берилбейт.

## 10.Областык, Бишкек жана Ош шаардык Казыяттары

**10.1.** Областык, Бишкек жана Ош шаардык казыяттары КМДБнын курамындагы жергиликтүү аткаруу органдары болуп эсептелет. Казыяттар

Ислам шариятынын көрсөтмөлөрүн жана жамааттар арасындагы биримдикти сактоону камсыз кылат.

**10.2.** Областык, Бишкек жана Ош шаардык Казыяттары өздөрүнүн ишмердүүлүгүн ушул Уставдын жоболоруна каршы келбеген, өздөрүнүн кажеттерине жараша түзүлгөн түзүмдөрүн, Уставдардын негизинде жургүзөт. Областык, Бишкек жана Ош шаардык Казыяттардын Уставы Азирети Муфтий тарабынан бекитилет.

**10.3.** Областык, Бишкек жана Ош шаардык Казыяттардын жетекчиси, Казы эсептелет. Казылар жана алардын орун басарлары Азирети Муфтий тарабынан кызматка дайындалат жана аларды Азирети Муфтий кызматтан бошотот. Казыны дайындоонун алдында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына маалымат берилет.

**10.4.** Областык, Бишкек жана Ош шаардык Казылары:

- Ислам негиздерин терең өздөштүргөн жогорку билимдүү;

- Областын жана шаардын деңгээлинде мусулмандардын арасында аброю жогору болгон инсан болуусу шарт.

**10.5.** Областык, Бишкек жана Ош шаардык Казылары:

- Область жана шаардык Казыяттардын ишине жетекчилик кылат жана жоопкерчилигин тартат;

- Казыяттын ишмердүүлүгү тууралуу Муфтияттын алдында отчет берет;

- Жергиликтүү деңгээлде Орозо айт, Курман айт ж.б. диний ишчараларын уюштуруп өткөрүүнү камсыз кылат.

**10.6.** Казы өзүнө тиешелүү аймакта, Ислам окуу жайларын жана даават иштерин көзөмөлдөйт жана жоопкерчилигин тартат.

**10.7.** Казы Башкы Имам-Хатибдерди жана Имам-Хатибдерди кызматка дайындайт жана бошотот. Дайындоонун алдында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына маалымат берет.

## 11. Башкы Имам-Хатибдер

**11.1.** Район жана шаарлардын мусулмандар жамаатын Башкы Имам-Хатибдер жетектейт. Башкы Имам-Хатиб райондук жана шаардык деңгээлдеги КМДБнын аткаруу органдарынын бири болуп эсептелет.

**11.2.** Башкы Имам-Хатибдер жана Имам-Хатибдер, Казыят жана Муфтияттын чечимдерин, токтомдорун, буйруктарын, фатваларын так жана өз убагында аткарууга милдеттүү**.**

**11.3.** Башкы Имам-Хатибдер, жума намазы окулбаган мечиттердин Имамдарын кызматка дайындайт жана аларды кызматтан бошотот. Дайындоонун алдында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына маалымат берилет.

**12. Мечиттер**

**12.1.** Мечиттер КМДБнын негизги ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Жума намаз өткөрүлүүчү мечиттер облустук, (Бишкек, Ош шаарларында болсо) шаардык Казыяттары тарабынын аныкталат.

**12.2.** Мечиттерде жетекчи болуп мечиттин имамы эсептелет, жана аткаруу органы болуп, мечиттин жамааты шайлган топ болот. Аткаруу органынын курамын жана санын жамаат аныктайт.

**12.3.** Жума намазы окулган мечиттерди Имам-Хатиб жетектейт.

**12.4.** Мечиттердин Имамдары жана Имам-Хатибдери Казыяттар, Муфтияттын жана Уламалар Кеңешинин алдында мечиттери жана мечиттерде жүргүзүлүп жаткан ишчаралары үчүн жооптуу болушат.

**12.5.** Жума намазы окулбаган мечиттердин Имамдарын, Башкы Имам-Хатибдер кызматка дайындайт жана аларды бошотот. Дайындоонун алдында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына маалымат берилет.

**13. Азирети Муфтийдин аппараты, жетекчиден жана жети негизги бөлүмдөн турат**

13.1. Азирети Муфтий аппаратынын жетекчиси Азирети Муфтий тарабынан дайындалат;

13.2. Мааламаттык кызмат бөлүмү – курамында эки, басма-сөз кызматы жана маалымат талдоо багыты бар;

13.3. Социалдык жана экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу илимий-практикалык, изилдөө бөлүмү;

13.4. Каржы жана чарба бөлүмү – курамында, каржы жана эсеп-кысаптан өткөзүү (бухгалтерия), вакыф мүлкү (фонд), чарба жана курулуш уюштуруу багыттары бар

13.5. Эл аралык мамилелер бөлүмү – курамында, инвестиция тартуу жана чет өлкөлөрдөгү уюмдар менен иштешүү багыттары бар;

13.6. Коомчулук менен байланышуу бөлүмү – курамында, даават жана билим берүү багыттары бар;

13.7. Кадрлар бөлүмү;

13.8. Юридикалык бөлүмү – курамында, экспертиза жана фатва берүү багыттары бар.

## 14. Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңеши

**14.1.** Мусулмандардын Коомдук Байкоочу Кеңеши (мындан ары кыскартылып МКБК), Курултайлар аралыгында КМДБнын түзүмүндө бийлиги жок, КМДБнын башка органдарына жетекчилик кылбаган, Уламалар Кеңешинин деңгээлинде болгон, КМДБгы бардык органдардын ишмердүүлүгүн сырттан ММК, жана башка жалпынын колу жете турган маалымат булактарынан алынган маалыматтын негизинде талдап тескей турган, жыл бою иштеген, мүчөлөрү Курултайдын делегаттары тарабынан төрт жылга бир жолу ачык добуш менен шайланган, Курултайдын жогорку аткаруучу органы болуп эсептелет.

**14.2.** МКБКнын курамы диний уюм жана жамааттардан 4 өкүл, жана жарандык коомчулуктан 3 өкүл болуп, баардыгы – 7 адамдан турат. МКБКнын курамына, КМДБнын түзүмүнөн эч бир органдын мүчөлөрү кирбейт.

**14.3.** Курултайдын кароосуна, МКБКнын мучөлүгүнө, диний уюмдар, жамааттар жана бейөкмөт уюмдар, талапкерлерин Уламалар Кеңеши аркылуу сунуштайт.

**14.4.** МКБКнын биринчи отурумунда анын мүчөлөрү МКБКнын Төрагасын жана Катчысын шайлашат.

**14.5.** МКБК өзүнүн ишмердүүлүгүн 4 жылдык пландын негизинде алып барат, кезектеги жана кезексиз Курултайдын алдында отчет берет.

**14.6.** МКБКнын милдеттери жана укуктары:

- КМДБнын курамына кирген бардык уюмдардын (Уламалар Кеңеши, БТК, Муфтият, Ажылык-Умра Комитети жана Вакыф Фонду) диний, коомдук, социалдык, маданий, саясий, каржы-чарбалык, укук-мыйзамдык ички жана тышкы, өлкө ичи жана чет өлкөдөгү ишмердүүлүгүн, КМДБнын түзүмдөрүнө

мамлекеттик, бейөкмөт, чет өлкөлүк уюмдар, же жеке адамдар тарабынан, кандайдыр түздөн түз, же кыйыр маанидеби таасирлери болуп же болбогондугун талдоого, тескөөгө укуктуу;

- КМДБнын ишмердүүлүгү боюнча коомчулукта ММК аркылуу негиздүү сын пикир жаратуу;

- КМДБнын түзүмдөрүн талдоо, тескөөнүн жыйынтыктарын кезектеги жана кезексиз Курултайда отчетун берүү;

- Кезексиз Курултайды чакыруу демилгесин көтөрүү;

**14.7.** МКБКнын мүчөлөрү жана анын ишмердүүлүгү КМДБ, мамлекеттик, бейөкмөт, өлкө ичи жана чет өлкөлүк уюмдар тарабынан каржыланбайт, эч бир мамлекет, уюм, жамаат, жеке адамдардын кызыкчылыктарын максат кылбайт, андыктан КМДБнын толугу менен көз карандысыз түзүмү катары, бир гана Кыргызстан Мусулмандарынын кызыкчылыгын көздөйт.

**14.8.** МКБК өзүнүн ишмердүүлүгүн натыйжасында, юридикалык жак катары сот органдарына кайрылууга укуктуу.

**14.9.** МКБКнын мүчөлүгүнө талапкердин шарттары (критерийлери):

- КР жарандыгына ээ болгондугуна эң аз 5 жыл болгон, бойго жеткен мусулман болуусу;

- атайын Ислам боюнча жогорку диний билими болуусу;

- “Башкаруу”, “Саясат”, “Эл аралык мамилелери”, “Социология” “Санат илимдери”, “Юриспруденция”, “Экономика”, “Каржы”, “Соода”, “Чарба” ж.б.у.с. адистиктердин бириси боюнча жогорку билимине ээ болуусу;

- адеп-ахлагы бийик, адилеттүү, адамгерчиликтүү, ак ниет болуусу;

- мусулмандар арасында аброю жогору, терең ишенимге ээ болуусу;

- Дүйнө таануусу кеңири, интеллекти, маданияты жогору болуусу;

- көрсөтүлгөн шарттар менен бирге Кыргыз Республикасынын Башмыйзамы, “Дин тутунуу жана тутунбоо эркиндиги” мыйзамы, ыйгарымдуу элчиликтер, консулдуктар менен байланыш мыйзамдары, эл аралык мыйзамдары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, мекемелердин мыйзамдуу жана мыйзам тышы ишмердүүлүгү, демократиялык коомдун негизги принциптери тууралуу негизги маалыматтарына ээ болуусу.

## 15. КМДБнын ишмердүүлүгүн токтотуунун шарттары

**15.1.** КМДБны юридикалык жактан кайрадан түзүү (бириктирүү, кошуу, бөлүп чыгаруу, өзгөртүп түзүү) Кыргызстан мусулмандарынын Курултайынын чечими боюнча ишке ашырылат. КМДБнын юридикалык жактан кайра түзүү анын укугунун башкага өтүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде аныкталат.

**15.2.** КМДБны жоюу төмөндөгү учурларда ишке ашырылат:

- Курултайдын тийиштүү чечими болсо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан каралган учурларда соттун тийиштүү чечими болсо;

**15.3.** КМДБнын Курултай тарабынан жоюлсун деген тийиштүү чечими чыгаары менен жоюу комиссиясы түзүлөт. Ал комиссия жоюу тартибин аныктайт. Соттун чечими менен жоюлган учурда КМДБны жоюу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте аткарылат.
**15.4.** КМДБнын жоюлушу менен анын мүлкү ВАКЫФ (менчик мүлк болуп саналбайт) болуп калат.

**Иштеп чыккан:** Мурадилов Данияр («Дин, Укук жана Саясат» Көз карандысыз Аналитикалык Изилдөө Барборунун Мүдүрүнүн орун басары).

Байланыш тел: 0555 789378 (daniyar73@yahoo.com)